# Чускит мектепке барат



Автор: Суджата Падманабхан
Сүрөтчү: Мадхуванти Анантхараджан
Которгон жана адаптациялаган: Арзыгүл Шеримбекова

# Чускит мектепке барат


Автор: Суджата Падманабхан

Сүрөтчү: Мадхуванти Анантхараджан

Которгон жана адаптациялаган:

Арзыгүл Шеримбекова



Кыргыз тилинде

Бишкек - 2021

Copy right © 2020, Бу л чыгарма Creativ e Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativ ecommons.org/licenses/by /4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativ ecommons.org/licenses/by /4.0/
Бу л ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бу л чыгарманы адаптациялап, толу ктай аласыз. Ав торлорду н, иллюстраторлорду н ж.б. ав торду к у ку гу н жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Chuskit Goes to School* түп ну сканын негизинде, Copy right © 2007, Pratham Books. CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. "Чу скит мектепке барат" (кыргыз тилинде), Арзыгүл Шеримбеков а тарабынан котору лу п адаптацияланган. Chuskit Goes to School (англисче) чыгарманын негизинде, ав тор Sujatha Padmanabhan, сүрөтчү Madhuv anti Anantharajan, Чыгарманын түп ну скасын бу л жерден көрө аласыз: https://story weav er.org.in/stories/21-chuskit-goes-to-school

Бу л басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылу у көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазму ну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Чускиттин уйкусу качып, бүгүн эрте ойгонду. Анткени бүгүн өзгөчө күн эле. Тикирейип көчөдөн көзүн албайт.

Азыр жаз. Өрүктөр гүлдөп, айлана жашыл түскө бөлөнгөн. Сагызгандар да курт-кумурска издеп жүрүшөт. Апасы эртеден бери ашканада жүрөт.





Мына бүгүн көптөн бери күткөн окуя кайталанат.

Билесиңерби, кандай окуя? Жок, бул жаңы жыл эмес, туулган күн да эмес, той дагы эмес. Бирок абдан маанилүү күн. Тогуз жылдан бери күткөн күн. Бүгүн мектепте жаңы окуу жылы башталып, окуучулардын бардыгы мектепке барышат.

Бирок мектепке Чускит барбайт. Себеби анын буту баспайт.

Мектеп деле алыс эмес. Жолдон бир аз басканда эле, жай аккан сууга жетесиң. Ал суудан таштарды аттап, аркы жээгине өтсөң, мектеп көрүнөт. Айылдагы балдардын баары ушул жол менен мектепке барышат.





Ал эртеден-кечке терезени карап, сүрөт тартат. Үйгө келе жаткан кишини да биринчи көрүп кабарлайт.

Атасынын кызын алып барбаган жери калган жок. Дарыгерлерге көрсөттү, жыйынтык жок. Чускиттин башка балдардан айырмасы жок. Колунан баары келет.

Бир гана өксүгү – баспаганы. Мындай учурда атасы көңүлүн жубатып:

– Балам, баспаганың менен, сайманы сонун саясың. Сүрөттү жакшы тартасың, – дейт.

Шаарга барганда дайым боёктордун түрүн ала келет.






Чускиттин арабасы бар. Бирок араба менен жүрүштөн кыйналат.

Алгач арабаны атасы алып келгенде, баары кубанган эле.

– Эми мындан кийин арабаң менен өзүң эле ары-бери жүрө аласың, – деген болчу атасы.

Иниси да арабага отуруп көрдү. Жадагалса үйдөгү мышык да арабанын отургучуна чыгып керилип алды. Чускит бара-бара арабасына көнүп, айдаганды үйрөндү.





Эми эшиктеги турмушка аралаша алат. Окуудан тарап, бир нерселерди айтып, кудуңдашкан балдарды көрүп, алар сыяктуу окугусу келет. Кечкисин шаардан келген автобусту, жумуштан, базардан келген адамдарды карап, үшкүрүнүп коёт.

Мына азыр бул үйгө бир бала келе жатат.

– Бул катты айдоочу чоң атаңа берди. Менин атым Абдул. 6-класста окуйм. Сен эмнеге мектепке барбайсың?

– Мен аябай баргым келет. Бирок бара албайм. Мектепке барган жол мага ыңгайсыз. Таштак жолдо арабамды айдагандан кыйналам. Суудан өтүү андан бетер оор. Көпүрө жок. Ата-энем күнүгө мектепке жеткирип, кайра алып келиши керек болот.

– А сен окугуң келеби?



– Албетте! Иним мектептен үйрөнгөн ырларын мага да үйрөтөт. Мен абдан окугум келет. Окуучулардай болуп, китеп көтөргүм келет.

– Мектепке баруу үчүн жолду оңдоо керек экен. Ал бир кишинин колунан келбейт, – деп чоң атасы ары жакка басып кетти.



– Мени эч ким түшүнбөйт.

Чускиттин ыйлагысы келди.

– Бөбөгүм мектепке барганда, ата-энем аябай сүйүнгөн. Мага математика жагат. Бардык балдардай болгум келет.

– Мен кетейин. Апам күтүп жатат. Дагы келем.


10×2=20
9×6=54
2×6=12
2×4=8
2×2=4
9×6=54

Эртеси Абдул сабактан кийин директорго кирди.

– Мен Чускит жөнүндө сунушумду айтайын дегем.

– Ооба, билем. Майып кызбы?


– Жолдун айынан мектепке жете албайт экен. Жолду түздөп, суугa көпүрө салсак, окуугa келмек.

– Сенин оюң жакшы экен. Мугалимдер менен сүйлөшөйүн. Бул кызга жардам бергиң келдиби?




– Бардык балдар билим алууга укуктуу да, туурабы? Ал кыздын дагы билим алуусу зарыл деп ойлойм.






Эртеси директор мугалимдерди чогултуп, Абдулдун сунушун айтты.

– Болбойт. Кантип жазат, кантип окуйт? Дааратканага кантип барат? Майып бала башка балдар менен окуй албайт? – деди бирөө.




– Ойлонолу. Майып балдар үчүн да шарттарды түзөлү. Чускитти окутабыз. Мындай балдарды колдойлу. Аларды коомго кошолу.




Эки жумадан кийин окуучулар менен мугалимдер мектепке чогулушту.

Алар маанилүү ишти башташты. Балдар үч топко бөлүнүштү.



Биринчи топ Чускиттин үйүнүн жанындагы жолдо иштеди. Экинчи топ суунун жээгин тазалады. Үчүнчү топ көпүрө салууга жардамдашты.



Балдар чын дилинен иштеп жатышты. Пайдалуу жумуш жасап жаткандарына кудуңдап сүйүнүштү. Директор улам-улам иштин жүрүшүнө көз салып турду.



Чускиттин ата-энеси жетине албай, балдарга жардам бериишти. Андан кийин чогуу печенье менен чай ичишти.


– Мен бул күндү көрөм деп ойлогон эмесмин, – деди Чускиттин чоң атасы көзүнө жаш алып.

Окуучулар чарчаса да, үйлөрүнө жакшы маанай менен кайтышты.



Мына эми мектепке барчу жол да оңдолду. Эми Чускит ошол жол менен бүгүн биринчи жолу мектепке барат!

Анын кубанычында чек жок!


namgyal
ali
dolma
me
kaneez
azhang ley
ruksana
tsering
achey phuntsok
my class



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Суджата Падманабхан
Сүрөтчү: Мадхуванти Анантхараджан
Которгон жана адаптациялаган:
Арзыгүл Шеримбекова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**